# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ

**КАНИМЕТОВ А.,**
**ЭСЕНАЛИЕВА Г.**
biblionsu@rambler.ru

Улуу Жибек жолу кеминде XX кылымдан ашуун убакыт бою калыптанган, байыркы учурдан баштап Чыгыш менен Батышты саясий- дипломатиялык, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жактан байланыштырып турган соода жолдордун бирден-бир багыты экендиги тарых барактарында маанилүү деп айтсак болот.

Улуу Жибек жолунун ачылышын көпчүлүк окумуштуулар (Радкевич В.А., Ртвеладзе Э.В., Ставиский Б.Я) б.з.ч. II кылымдарда Кытай элчиси Чжан Цзяндын байыркы Ферганага болгон сапарына байланыштырат. Кытайлыктар Хань династиясы доорунда батыш өлкөлөрү тууралуу алгачкы маалыматтарга ээ боло башташкан. Чжан Цзянь өзүнүн элчилерин Хотан, Давань, Бактрия, Индияга жиберген. Кийин бул жерлерде континент аралык соода трассасы пайда болгон. Чыгыш менен батыштын ортосунда соода байланыштары гана эмес, бул элдердин ортосундагы маданий жактан да карым-катнаштар болгон.

Б.з.ч. II кылымдан б.з. XV кылымына чейин Ыраакы чыгышты (Кытай ж.б.) Алдынкы Азия, Түндүк Африка, Жер ортолук деңиз боюндагы өлкөлөр менен соода кербен жолдорунун жалпы аталышын «Улуу Жибек жолу» деген. Бул жол жалаң гана соода байланышты пайда кылбастан, жол аркылуу диний агымдар тараган. Византия менен Кытайдын ортосунда дипломатиялык мамилелердин болгондугун тарыхый булактары күбө боло алат.

Улуу Жибек жолунун башкы нуктары Кыргызстандын аймагы аркылуу өтүп турган. Белгилей кетсек Фергана жолу Заминден баштап Исфара Сохтан өтүп, Ош жергесине келген. Бул аймакта жол эки багытка бөлүнгөн биринчиси: Мады аркылуу Чыйырчык жана Талдык ашуусу менен Алай өрөөнүнө, андан ары Эркештамды көздөй багыт алган. Экинчиси: Озгөн аркылуу Борбордук Теңир-Тоо андан ары Ат-Башыга кеткен. Бул жерден да бөлүнгөн. Бир жагы түштүккө Чыгыш Түркстанды көздөй багыт алса? башкалары Ысык-Көл, Барскоон шаарына жөнөшкөн.

Ал эми түштүк жолу (Памир Алай) Жер ортолук деңизинен Иранды кесип өтүп, Мерв шаарына келген. Бул жерде жол экиге бөлүнүп, бир багыты Аму дарыясы аркылуу Термезге чейин, андан Кызыл-Суунун жээги менен Алай тоосуна жеткен. Эркештам аркылуу өтүшүп, Көк суу дарыясынын агымы менен Чыгыш Түркстанга чейин барышкан.

Түндүк жолу (Чүй жолу) эрте орто кылымдардагы өтө жандуу жол болгон. Самаркандан кербендер Ташкентке келип, андан ары Кыргыз тоосун бойлото Чүй өрөөнүнө келишкен. Бул жерде батыштан чыгышка шаарлар катар кеткендиктен соодагерлер эч коркунучсуз өтүүгө туура келген. Алардын эң ирилери Невакет, Суяб болгон. Суябдан Боом капчыгайы аркылуу Ысык-Көлгө барышкан. Ал жерден Яр Хол жана Тоң шаарларын басып өтүп Барскоонго келишкен. Барскоондон ары эки жол болгон. Бири түндүккө Сан-Таш ашуусу аркылуу монгол талааларына жана түштүк Сибирге, экинчиси Жууку ашуусу аркылуу Чыгыш Түркстанга алып барган. Ал эми Чыгыш Түркстанга чыккан жолдордун баары тең Кытай мамлекетине кеткен.

Кыргызстандын түштүгү аркылуу дагы бир жол Торугарт кербен жолу кеткен. Ал Ферганадан Атбашыга чейин жогоруда айтылган жол менен келип жеткен да, андан ары түштүк чыгышты көздөй Таш-Рабат капчыгайы аркылуу Чатыр-Көлдүн жээги менен Торугарттан өткөн. Азыркы күндө деле Торугарт жолу Ак-Бейит ашуусунан Торугартка чейинки чакан аралыкты эсепке албаганда жогоруда бергиленгендей ошол орто кылымдардагы жолдун нугу менен кетет. Жалпылап караганда IX-X кылымдардагы араб жана перс тарыхчылары Торугарт жолунун багыты тууралуу конкреттүү маалыматтарды калтырышкан эмес. Бирок алар бул жолдун бар экенин билишкен жана ал жол аркылуу өткөн адамдар менен жолугушкан. Торугарт жолу жалаң жергиликтүү гана эмес эл аралык да зор мааниге эгедер болгон. Ал жол менен Чыгыштын жана

Батыштын көптөгөн элдеринин кербендери катташып турган. Андан кийинки өткөн түндүк жол же араб авторлору белгилегендей Шаш жолу азыркы Ташкент, Сайрам аркылуу Талас өрөөнү менен келип, Чүй өрөөнүн басып өтүп, чыгыш Тянь-Шанга жеткен.

Улуу Жибек жолунун түштүк жана түндүк бутактары Барскоондон барып кошулуп, андан Каркырадагы Сын-Таш аркылуу андан ары күнчыгышка Түркстанга карай кеткен. Орто кылымдардагы кербен жолунун жогорудагы эки бутагы боюнча алганда түндүк бутагы түштүк бутагына караганда бир жарым эсе узагыраак келген.

Ал эми Талас жана Чүй өрөөнүндө түндүк кербен жолу беш салаага таралып, азыркы Кыргызстандын жергесин кесип өткөн.

- Биринчиси Чаткал жолу деп аталып, Талас шаарынан, Кара-Буура ашуусун ашып, Чаткал өрөөнүнөн өтүп Ферганага келген. Х кылымдагы мусулман географтары Ибн Хаукал, ал Мукаддаси жана «Худуд ал-алам» аттуу эмгектин автору Чаткал өрөөнү жана андагы Ардаланкет шаары тууралуу маалыматтарды калтырып кетишкен.
- Экинчи жол түндүк кербен жолунан Тараздан чыгып, Кыргызстандын жергеси менен Жогорку Барскоонду көздөй Талас жана Суусамыр өрөөндөрү аркылуу кеткен да, Кочкордон барып түштүк кербен жолу менен кайра кошулган. Жазуу булактарында бул жол тууралуу эч кандай маалыматтар сакталып калган эмес. Бирок Талас жана Суусамыр өрөөндөрүндөгү эски коргон, туурактардын табылгандыгын археологиялык казуулар далилдейт.
- Үчүнчү жол Иле жолу деп аталып, кыргыз жергесинен, Харрандан чыккан (Азыркы Беловодск айылынан он километр түндүк тарабы). Араб жазма булактарында Харран турагын баяндаган кыскача маалыматтар кездешет. Бирок ошол кан жол боюндагы турактар менен калаалардын урандылары тогузунчу- онунчу кылымдардагы кербен каттаган жана андан кийин да бир топко чейин үзгүлтүккө учурабаган Иле жолунун болгондугун кабар берет. А.Бернштамдын пикири боюнча Иле жолу Чүй дарыясынын Тайкечүү кечмелигинен өтүп, Курдайдан Алма-Атага жеткен деген оюн билдирген.
- Төртүнчү жол Кыргызстандын жергесинен кеткен Улуу Жибек жолунун Жул (Чала казак) турагы менен байланыштуу. IX-X кылымдардагы жазуу булактарына таянып, В. Бартольддун чыгарган жыйынтыктарына караганда Жулдан чыккан жол Тараздан келген жол менен кошулуп, Аксикенттен келген жол менен биригип, Суусамыр Кетмен-Төбө өрөөндөрү менен өтүп Чүй өрөөнүнүнөн Ферганага байланышат деген.
- Ал эми акыркы бешинчи жол Кыргыстандын жергесинен Невакет шаарынан (азыркы Орловка айылы) башталат да, Боом капчыгайы аркылуу Ысык-Көлдүн жээгине өтүп, андан ары Түштүк кербен жолуна кошулган.

Улуу Жибек жолунун Түндүк кербен жолунан тараган беш бөлүгү тең азыркы Кыргызстандын жергесиндеги жана Орто Азиядагы көчмөн жана отурукташкан элдерди бири-бири менен тыгыз байланыштыруу менен Күнчыгыш мамлекеттеринин элдерин Батыштагы мамлекеттер менен байланыштырган кан жол болуп эсептелинет. Албетте, кыргыздар да Улуу Жибек жолу аркылуу өткөн соода иштерине активдүү катышкан. Бул тууралуу IX-X кылымдардагы араб географ тарыхчылары көптөгөн маалыматтарды калтырышкан. Аларда кыргыз жергесинен мускус көп алынып келинет деген маалыматтар бар. Анткени араб, перс авторлору кыргыз жергеси деп, түндүк жагы Енисей боюнан тартып түштүк тарабы Тянь-Шанга чейинки аралыкты айтышкан. Ошондуктан кыргыз өлкөсүнөн келген мускус IX-X кылымдарда Мавереннахрга Тянь-Шандан да, Енисей тараптан да келген. Аталган кылымдарда Улуу Жибек жолунун тоомунан орун алган Тянь-Шандык кыргыздардын соода-сатык иштери кызуу жүрүп турган. Эл аралык соодасы абдан өнүккөн. Тянь-Шан кыргыздарын жакшы билген «Худуд ал алам» китебинин автору төмөндөгүдөй маалымат калтырган: «Кыргыз өлкөсүнөн аябагандай көп мускус, асыл баа аң терилери, кайың жыгачы жана хуту алынып келинет». Андан башка да мусулман элдеринин ортосундагы соода байланыштары тууралуу тарыхый маалыматтар көп

кездешет. Мына ушулардын баары Енисейлик жана Тянь-Шандык кыргыздардын эл аралык соода-сатык иштерине активдүү катышып келишкендерин дагы бир жолу далилдейт.

Улуу Жибек жолу жана Кыргызстан аркылуу өткөн түштүк жана түндүк кербен жолдору кыргыздардын жана жалпы эле кыргыз жергесинде жашаган уруу, урук элдердин экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүндө аябагандай зор мааниге эгедер болгон.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Осмонов О.Ж., Асанканов А. Кыргызстандын тарыхы. Б 2000
2. Бернштам А.Н. Археологический очерк Северной Киргизии. Б.1998
3. Бартольд В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996
4. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1997
5. Бартольд В.В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия //Соч. Т.З. – М., 1963
6. Восточные авторы о кыргызах / сост. Караев О. – Б., 1994
7. Джуманалиев Т. Политическая история Кыргызстана XIII - XV вв. – Б., 2001
8. Источники по средневековой истории Кыргызстан и сопредельных областей Средней Азии и Центральной Азии. – Б., 1991
9. Караев О. История Караханидского каганата (X в. – начало XIII вв.). – Фрунзе, 1983
10. Табышалиев С. Кыргызстан на Великом Шелковом пути. – Б., 1992